***Бакивалиева К.***

**Элибиз эркиндик үчүн күрөшкөн**

1916- жылдын 25- июнунда «бөтөн» калктын 19 жаштан 49 жашка чейинки эркектерин аскер-оорук жумуштарына алуу тууралуу ак падышанын указы жарыяланды, ал боюнча Түркстан крайы боюнча 200470 адамды алуу каралган. Анткени дүйнөлүк биринчи согуштун жүрүшүндө күчтөрү бир кыйла азайып кеткен эле. Аларды башка империалисттик мамлекеттердей эле Россия дагы колониялардагы элдерди куралдандыруудан корккон. Ошондуктан, Түркстандыктарды согуш талаасында эмес, оор жумуштарына, тактап айтканда, жол курулушунда, коргонуу чептерин курууда, отун, малга тоют даярдоо жана мал кайтаруу иштерине пайдалануу каралган. Падышанын указы талаачылык жумуштары өтө кызыган учурда чыккандыктан бардык жергиликтүү калкты: эмгекчилерди, байларды, манаптарды жана дин кызматкерлерин тынчсыздандырган.

Кыргызстандын түштүгүндөгү көтөрүлүш чыгаргандардын нааразылыгы жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө: болуштук башкаруучуларга, айылдык старчындарга, элүү башчыларга жана анын жигиттерине каршы багытталган.

Көтөрүлүштүн негизги талабы аскер-оорук жумуштарына чакырылгандардын тизмелерин жок кылуу болгон. Жергиликтүү байлар, болуштук башкаруучулар көтөрүлүшкө каршы чыгышкан. Падышачылыктын Фергана өрөөнүндө көп сандаган күчтөрү болгондуктан Кыргызстандын түштүгүндөгү көтөрүлүштү басып коюуга жетишип, ага катышкандарды падыша өкмөтү катуу жазалады. Август айында көтөрүлүш бүткүл Жети-Суу облусунда, анын ичинде Түндүк Кыргызстанда көтөрүлүш башкача мүнөзгө өттү. Бул аймакта келгин дыйкандардын көптүгү, ошонун натыйжасында жергиликтүү калктын келгиндер тарабынан көбүрөөк кысымга учурагандыгы жана жер, суу маселесинин өтө курчуп кетиши көтөрүлүштүн узакка созулуп, айыгышкан мүнөздө болушун шарттаган. Көтөрүлүш 1916-жылдын 6-августунда Бишкек оөзунун Атаке жана Батбай болуштуктарында башталды. Эртеси Токмок өрөөнүндөгү жана Сарыбагыш болуштуктарындагы кыргыздар көтөрүлүштү. Көтөрүлүшчүлөр 8-августта Чоң жана Кичи Кемин өрөөндөрүнүн капчыгайына чейинки аймактарды ээлеп алышты.

8-августта көтөрүлүшчүлөр бир катар почта станцияларын басып алып, телефон линияларды жана көпүрөлөрдү кыйратышкан. Алар Бишкектен Пржевальскиге чейин, Нарын чебине каттоочу жолдорду да көзөмөлгө алышкан. Ушул эле күнү Боом капчыгайынын чыга беришинде Ысык-Көлгө бара жаткан жолдо Ыбырайым Төлө уулу башында турган көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү барденке тибиндеги 178 мылтык, 30 миңден ашык ок-дары менен келаткан кербенди колго түшүрүшөт. 12-августта Токмокту курчоого алышкан көтөрүлүшчүлөрдүн башында Канат хан турган. Ал эми Ысык-Көлдөгү көтөрүлүшчүлөр Пржевальск шаарын 10-августтан сентябрга чейин курчоого алышкан, бул Түркстандын бийликтерин аябай чоочулаткан. Көтөрүлүштүн зор чөлкөмдү кучагына алганына жана падышалык Россиянын жазалоочу отряддарына каршы күрөш жүргүзүлгөндүгүнө карабастан ал жеңилүү менен аяктады. 1916-жылдагы көтөрүлүш кыргыз элинин жашоосу жана улуттун эркиндиги үчүн күрөш болгон. Кыргыздар жазалоочу отряддардын кысымына чыдай алышпай, жоктун айласын издешип, аялдарын, балдарын, үй оокаттарын алып, малын айдап Түркстанды көздөй кача башташкан. Кытайдын аймагына карай үркүп жөнөшкөн. Тянь-Шань тоолору аркылуу Үч турпан менен Ак-Сууну көздөй качкан. Бул жол татаал болгону менен жазалоочулар жок болуп, мал үчүн чөп-чар кенен эле. Качкандардын экинчи бөлүгү Каркыра жайлоосу аркылуу Кулжага барышкан. Ал эми үчүнчү бөлүгү Ат-Башы аркылуу өтүп, Какшаалга барып баш байлашкан. Качкындарды жолдун татаалдыгы жана ачкачылык алсыратты. Өзгөчө бир өз жүгүн жонуна арткан жөө-жалаңдарга, балалуу энелерге, кары менен музу түбөлүк кетпеген Ала-Өгүз, Бедел ашууларын ашуу кыйынга турду. Алардын көпчүлүгү ач жан, куу белде кырылып сөөгү бөрү менен кузгунга жем болду.

Ошентип, Кытай аймагына качкан кыргыздар менен казактардын саны 164 миңге жетип, анын 130 миңге жакынын кыргыздар түзгөн. Жергиликтүү бийлик төбөлдөрү кыргыздарды коркутуп үркүтүп, алардын акыркы мал – мүлкүнө чейин талап тоношуп,

өзүлөрүн мал катары айдап жиберишкен. Натыйжада, ажырап бөлүнгөн качкындар ач-жыланач калышты жана ачарчылыкка капталышты. Бир тилим нан, бир ууч талкан үчүн баарын аткарууга даяр болгон. Анча-мынча оокаты барлар болгон буюмдарын базарга чыгарышкан. Алар саткан кийим-кечек, үй эмеректеринин баарысы текейге да арзыбай, тамак-аштын баасы 5-6 эсе жогорулаган. Качкындардын айла-амалы түгөндү, жергиликтүү калкка жаш наристе балдарын, көбүнчө бойго жете элек кыздарын бир кокуч эгин же арзыбаган тыйын үчүн аялдыкка сатышкан. Оокаттуу адамдарга сатылган кыз-келиндердин саны 4 миңге жакын болгон. Самсыган ач-жылаңач качкындарды жугуштуу оорулар каптап, он миңден ашык адам өлгөн. 1917-жылдын 1-майындагы маалыматка караганда Чыгыш Түркстанга качып келгендердин миңге жакыны апаат болду. 1917-жылы Кытайдан өз мекенине кайтып келген кезде кыргыздар дээрлик бүт жакыр, оорукчан эле. 1917-жылы мекенине кайтып келе жаткан кыргыздар: «Бардыгыбыз тоодо жашап, ачарчылыктан кырылуудабыз, эч нерсебиз жок, нан беришпейт, жолго чыксак кайтып келүүгө дарманыбыз жетпейт, кырылып калчудайбыз. Эркиндик, адептүүлүк жана тен укуктуулуктун атынан биздин тагдырыбызды сактап калуунуздарды өтүнөбүз» деп жазышкан. Жергесине келгендерди карапайым орус дыйкандары жалпысынан жылуу тосуп алышып, колдорунан келген жардамдарын көрсөтүшкөн. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн натыйжасында кыргызстандын чарбасы бүлгүнгө учураган. Тарыхый документтердин негизинде алганда, азыркы Москва районундагы Ак-суу өрөөнүндө 15 жаштан тартып эркек аттуунун баарын эки эле күндө жок кылышкан желдеттер. Ысык-Көл өрөөнүндөгү бир эле жолку кыргында 48 чакырым жерге чейин катар жаткырышса да өлүк түгөнгөн эмес. Мындан бөлөк Кочкор, Нарын тараптагы массалык кыргындарды келтирсе сөз түгөнбөйт. Демек, үрккөндөргө кошулуп Кытайга чейин барган 12 жашар Аалы Токомбаев ошол алаамат кыргындын күбөсү болгон. Аны өз көзү менен көргөн. Мына ошентип атактуу романын жазып баштаганда А.Токомбаев 25 гана жашта болчу жана роман бекер жерден «Кандуу жылдар» деп аталбайт. Демек боо-боо түшкөн өлүк суудай аккан кызыл кан жаш акындын көз алдынан кетпей жүрөгүн титиреткени көрүнүп турат.

«Кандуу жылдар» романы кыргыз эли башынан кечирген улуу трагедия жөнүндө жазылган улуу чындык. Роман зор эргүү, ташкындаган таланттын күчү менен жазылганын баса белгиледик. Мында акын өз көзү менен көргөн улуу трагедияны калемдин күчү, көрком сөздүн сыйкыры менен жеткире адамды ынандыра жазган. Романдын «Ак-Суу» главасында желдеттер, миңдеген күнөөсүз, куралсыз кыргыздарды балта менен бырчалап, айры менен бышып мыкаачылык кылган жерин чыдап окуш кыйын. Ак-Суунун Кош-Дөбө деген жеринин жогору жагында чоң аң бар экен. (Азыр анын үстүндө пиво завод турат). Ошол аңга ташталган миңдеген өлүктөрдөн он жылга чейин сассык жыт чыгып, кара май суудай агып турганын илгери аксакалдар аңыз кылып айта берчү. Аалыке «Кандуу жылдар» романындагы алгачкы бөлүмүндө ошол трагедияны, укмуштуудай таланттуулук менен сүрөттөйт. Романдын дагы бир жеринде Покровка кыштагында «келгендер» 800 боз үйдү үй-бүлөсү менен өрттөгөнүн жазса, Кочкор – Нарында жазалоочу казак отряды кичинекей балдарды момпосуй көрсөтүп, алдап чакырып алышып, мылтыктын шишине сайып алышып, көккө көтөрүп, тамаша кылышканын сүрөттөйт. Аккан кан, ыйлаган үн романды окуган ар бир адамды кайгыга салбай койбойт.

**Адабияттар**

1. Ө.Ж. Осмонов. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Бишкек 2006 ж.
2. А.Б.Асанканов, Ө.Ж. Осмонов. Кыргызстандын тарыхы Бишкек 2003 ж.
3. Ө. Ж. Осмонов, А.С. Мырзакматов. Кыргызстан тарыхы урултуу учурлары Бишкек 2000 ж.